Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясына
Мамыркулова Канышай Асанбековнадан
Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары,
Исакеев к-сү, 20 үй, кв. 97,
тел.: 0 500 13 90 55, 0 778 13 90 55;
E-mail: byixan@mail.ru

КР БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № 01-11/792
„22" 08 2018 ж/г

# АРЫЗ

2018-жылынын 26-июлунда Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын чечими менен Бишкек шаарынын мэрин шайлоо үчүн талапкерлердин мамлекеттик тилди билишин аныктоо максатында тил боюнча комиссиясынын курамы бекитилген. Ошол чечимге ылайык 2018-жылдын 31-июлунда Бишкек шаарынын мэринин кызматына талапкер Азиз Суракматов мамлекеттик тил боюнча сынагынан өткөн.

Бирок, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 13-июлундагы №430 токтомунун негизиндеги *“Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарына талапкерлигин койгон жана аларды ээлеп турган адамдар үчүн мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү жөнүндө”* жобого ылайык, бул сынак «Кыргызтест» мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы аркылуу өтүп, ошондой эле жобонун 2-тиркемесинин негизинде *“Мамлекеттик тилди милдеттүү түрдө билүү деңгээли жана көлөмү”* атайын система аркылуу аныкталышы баса белгиленген.

Аталган Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын чечимин жокко чыгаруу жөнүндө 2018-жылдын 17-августундагы доо арызга, Бишкектин райондор аралык соту (иш №АД-1031/18мбсб) “*Кыргыз Республикасынын Административдик-процесстик кодексинин 201-б., 3-п. талаптарына участкалык жана аймактык комиссияларынын чечимдери тиешелүү датануулары жогору турган шайлоо комиссиялары карагандан кийин гана сотко даттанылат. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын чечимдери жана (же) аракеттери (аракетсиздиги) түздөн-түз сотко даттанылат деп көрсөтүлгөн*” деген аныктама берген.

Ошол аныктаманынын негизинде, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясын Бишкек аймактык шайлоо комиссиясынын Бишкек шаарынын мэрин шайлоодо талапкерлердин мамлекеттик тилди билишин аныктоо максатында тил боюнча комиссиянын курамын бекитүү чечимин мыйзамсыз деп таап, Бишкек шаарынын мэринин кызматына талапкер Азиз Суракматовдун мамлекеттик тил боюнча сынагынын жыйынтыгын жокко чыгаруу менен бирге 2017-жылдын 13-июлундагы №430 токтомуна ылайык «Кыргызтест» мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо системасы аркылуу тил боюнча сынагынан өтүүсүн суранамын.

______________________ **К. А. Мамыркулова**

22. 08.2018 ж. тиркеме 12 барак